Шамраева

ISSN 1728-7839

Абай атындағы Қазақ ұлттық педагогикалық университеті
Казахский национальный педагогический университет имени Абая

# ХАБАРШЫ
# ВЕСТНИК

«Бастауыш мектеп және дене мәдениеті» сериясы
Серия «Начальная школа и физическая культура»
№2 (41), 2014




Алматы

Абай атындағы
Қазақ ұлттық педагогикалык
университеті

**ХАБАРШЫ**

**«Бастауыш мектеп және дене мәдениеті» сериясы**
**№2 (41), 2014**

2001 ж. бастап шығады.
Шығару жиілігі – жылына 4 нөмір

**Бас редактор**
*п.ғ.д., проф.* **Қ.І. АДАМБЕКОВ**

**Редакция алкасы:**
*п.ғ.д., проф.* **Р.К. Бекмағамбетова** (жауапты хатшы),
*п.ғ.д., проф.* **А.Н. Ильясова,**
*б.ғ.д., проф.* **К.Милашюс** (Вильнюс, Литва),
*PhD* **Сивек Зденек** (Прага, Чехия),
*п.ғ.д., проф.* **Вилкас Аудронис** (Вильнюс. Литва),
*п.ғ.к., проф.* **В.И. Шукан** (Минск, Белоруссия),
*п.ғ.к., проф.* **В.И. Варюшин** (Москва, Ресей),
*п.ғ.д., проф.* **Ю.С. Мануйлов** (Нижний Новгорд, Ресей),
*п.ғ.д., проф.* **С.И. Қасымбекова,**
*п.ғ.д., проф.* **Т.А. Богатарнев,**
*м.ғ.д., проф.* **Ш.А. Балғымбеков**

**© Абай атындағы
Қазақ ұлттық педагогикалык
университеті, 2014**

Қазақстан Республикасының
мәдениет және ақпарат
министрлігінде 2009 жылы мамырдың
8-де тіркелген №10106-Ж

Басуға 27.08.2014 қол қойылды.
Пішімі 60х84 1/8. Көлемі 14,25 е.б.т.
Таралымы 42 дана.
Тапсырыс 170.

050010, Алматы қаласы,
Достық даңғылы, 13.
Абай атындағы ҚазҰПУ

Абай атындағы Қазақ ұлттық
педагогикалык университетінің

## Мазмұны
## Содержание

**Адамбеков К.И.** «Проблемы исследования социальной педагогики физической культуры»........................................ 3
**Ильясова А.Н., Ахметова Э.К.** «Стиль работы и руководство тренера женской футбольной командой»........................................ 5
**Адамбеков Е.К.** «Управление психологическим климатом в спортивных командах»........................................ 7
**Балгимбеков Ш.А.** «Характеристика питания детей раннего возраста в условиях г.Алматы»........................................ 9
**Абдреимова К.А., Айымкұлов Ж.Ә.** «Спортшылардың дұрыс тамақтану тәртібіне қатысты мәселелер»........................................ 15
**Абдреимова К.А., Жаксимбеков Е.Д.** «Жасөспірім спортшылардың арнайы дене қасиеттерін тәрбиелеу»........................................ 18
**Ахметова Э.К., Капорцев И.А.** «Психологические аспекты выбора амплуа у спортсменов, квалифицирующихся в водном поло»........................................ 22
**Бейсенбаева А.А., Абсатова М.А., Байкулова А.М., Курбаналиева М.К.** «Білім беру үрдісіндегі пәнаралық байланыстың маңызы»........................................ 26
**Балғынбеков Ш.А.** «Жасөспірім мектеп оқушыларының жүрек-қан тамырлары жүйесінің функциональдық жағдайын бағалау»........................................ 30
**Балғынбеков Ш.А., Орынбасарова А.А.** «Ас қорыту жүйесі қызметінің балалардағы ерекшеліктері және оның мектеп оқушылары арасында жиі таралған ауруларының алдын алу»........................................ 34
**Федоров А.И., Сафонова Д.А., Сивохин И.П., Мамиев Н.Б.** «Проблемы модернизации образования в сфере физической культуры и спорта и информационная культура специалистов»........................................ 41
**Федоров А.И., Сафонова Д.А., Хребтова А.Ю. Сивохин И.П., Мамиев Н.Б.** «Отношение студентов к своему здоровью как социокультурный феномен»........................................ 48
**Миникеева А.К.** «Инновации в культурном развитии полиэтнического общества Кыргызстана»........................................ 5
**Болатқызы Ш.** «Қазақтың ұлттық ойындарының халық тәрбиесіндегі рөлі»........................................ 5
**Абсатова А.А.** «Спортшының тұлғалық моделі»........................................ 5
**Федоров А.И., Пидуков В.Н., Калугина Г.К., Сивохин И.П., Ковш Н.А.** «Здоровье современных подростков: психосоциальные и поведенческие факторы»........................................
**Төлегенұлы Н.** «Особенности психологического состояния при подготовке к спортивным соревнованиям»........................................
**Шамканова Г.Д.** «Мектепке чейинки курактагы балдардын кептик маданиятын дене тарбиянын каражаттары менен калыптандыруу»........................................
**Амердинова М.М., Жуманалы кызы Н.** «Правовое образование и воспитание младших школьников кыргызской республике»........................................

Психологическая подготовка предусматривает планомерное развитие необходимых качеств, способствующих развитию психических, технических и тактических возможностей спортсмена. Непосредственная психологическая подготовка к соревнованиям должна базироваться на информации о возможных и явных соперниках, состоянии мест соревнований и др. Изучение этих факторов и реальная оценка уровня достижений спортсменов должны служить основой для формирования стоящей перед нами задачи.

Знание предстоящих трудностей дает возможность путем соответствующей тренировки, в том числе психологической, приучить спортсмена к нужным условиям.

*1. Бабушкин Г.Д. Психология физического воспитания. - Омск: СибГАФК, 1998.*
*2. Киселев Ю.А. Победи: Размышление и советы психолога спорта. М: Спортакадемия, 2002.*
*3. Психологическое обеспечение спортивной деятельности. /Под ред. Г.Д. Бабушкина. - Омск: СибГУФК, 2006.*
*4. Физическая культура студента: Учебник/Под ред. В.И. Ильинича. М.: Гардарики, 2000.*
*5. Холодов Ж.К., Кузнецов В.С. Теория и методика физического воспитания и спорта: Учебное пособие. М.: «Академия», 2000.*

*Төлегенулы Н. – старший преподаватель кафедры теории и методики физической культуры, КазНПУ им.Абая.*

*Төлегенұлы Н. – дене мәдениетінің теориясы мен әдістемесі кафедрасының аға оқытушысы, Абай ат. ҚазҰПУ.*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН КЕПТИК МАДАНИЯТЫН ДЕНЕ ТАРБИЯНЫН КАРАЖАТТАРЫ МЕНЕН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Шамканова Гульмира Джылкычиева** - *соискатель КГУ им И.Арабаева*

Ритмдин жана колдун моторикасын дене тарбиясы аркылуу өнүктүрүүгө багытталган сенсордук-мотордук өнүгүүнүн комплекстүү программасы баланын психикасынын, моторикасынын жана кебинин өнүгүүсүнө шарт түзөт. Мына ошондуктан муну мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо процессине ар бир күнү 20-30 мүнөттөн киргизүү максатка ылайык.

3-4 жаштагы балдардын натыйжалуу өнүгүү ишмердиги дене тарбиясында желек, топ, алкак, чүкө, камчы ж.б. менен аткарылуучу көнүгүүлөрдү киргизүүнү талап кылат алар бир жагынан колдун манжаларынын координациясын, экинчи жагынан аң сезимдүү предметтик ишмердикке алып келет.

Баланын бардык психикалык процесстери: эске тутуу, көңүл буруу, элестетүү, ой жүгүртүү, эркин жүрүм-турум кептин катышуусу менен өнүгөт.

Дене тарбия көнүгүүлөрүнүн жардамы менен кепти өстүрүү каражаттарын жана методдорун тандоодо комплекске мануалдуу жана бармактар менен жасалуучу дене тарбия көнүгүүлөрү кошулат.

Кептин өнүгүшү – психикалык жана интеллектуалдык өнүгүүнүн ажырагыс бөлүгү. Бул көз карандылык өзгөчө 3-5 жаста байкалат. Колдун манжаларынын назик кыймылдарынын өркүндөшү менен мотордук кептин өнүгүшү, кеп маданиятынын калыптанышы жүрөт.

Мындан бала кезде кептин калыптанышынын жагдайларынын бири болуп колдун манжаларынын координациясын өнүктүрүүгө максаттуу таасир этүү болуп саналат.

**Тирек сөз:** кептик маданияты,психика, кол манжаларыны, координациялоо, ритмика, психофизикалык, акыл, эс, мануалдык, корекциялоо, метод, тыбыш, артикуляциялоо, эксперемент, интеллектуалдуу, көрсөтмөлүү-образдуу, образдуу-вербалдык.

В данной статье автор затрагивает вопросы о комплексной программе сенсорно-моторного развития, направленной на развитие ритма и моторики рук средствами физического воспитания, создающая зону развития всех сторон психики, моторики и речи ребенка. Статья посвящена целесообразности ее внедрения в данной программе процесс воспитания дошкольников при ежедневной затрате времени от 20 до 30 мин.

В основу работы положены методы и приемы.

Эффективно развивающей деятельности детей в 3-4 года, требует применения в физическом воспитании упражнений с флажками, мячами, обручем, альчиками, камчой, они с одной стороны развивают координацию пальцев рук, с другой ведут к осознанной предметной деятельности, а также автор излагает об эффективности в период от 3 до 5 лет развитие культуры речи и мануальной координации детей, при применении средств сопряженного развития ритма и мелкой моторики.

**Ключевые слова:**:культура речи, психика, координация, ритмика,психофизика,ум,метод,звук, кореккци артикуляция,эксперемент, интеллектуальность, мануальность, мышление, образно-вербальный,наглядн образно.

In the given article the author mentions questions on the complex program of sensory-motor development direct on development of a rhythm and a motility of hands by means of physical training, creating a zone of development all parties of mentality, a motility and speech of the child. The article is devoted to the expediency of its introduction i the given program, the process of education of preschool children at a daily expense of time from 20 to 30 minutes

Methods and receptions are put in a work basis.

Effectively developing activity of children in 3-4 years, demands the application in physical training of exercise with tags, balls, a hoop, , kamchy, on the one hand they develop coordination of fingers of hands, on the other han with another - conduct to the realised subject activity, and also the author states about efficiency during the period fro 3 till 5 years development of the standard of speech and manual to coordination of children, at application of means c the interfaced development of a rhythm and a small motility.

**Key words**: speech culture, psyche, coordination, rhythm, psychophysics, mind, method, sound, korekktsiy articulation, exeperimental, intelligent, manipulative, thinking, imagery and verbal, visual-figurative.

Педагогика илими мектепке чейинки курактагы балдардын кептик маданиятын дене тарбияны каражаттары менен калыптандыруу балдарды даярдоонун олуттуу жактарынын бири деп эсептейт

Мында аталган педагогикалык процесс келечектеги ишмердүүлүктү (окуу), куракты, де соолуктун абалын, акыл-эс, психикалык, дене тарбиялык өнүгүү деңгээлин жана башка айрым факторлорду эске алуу менен курулушу керектиги өзгөчө көңүл бурдурат Бирок 3-5 жаштагы балдардын кебинин өнүгүшүнө мектепке чейинки мекемелерде дене тарбия каражаттары мене ритмин, кол моторикасын өнүктүрүү методикасынын таасирин негиздөө каралган планда зарыл негиздөөгө али ээ болгон жок. Бул факт көбүнчө көрсөтүлгөн планда эскерилет. Балдардын дене тарбиялык жана психикалык өнүгүү деңгээлине болгон өзгөчө талаптарда көрсөтүлөт.

Дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу кол манжаларынын координациялоо жөндөмүн, кеп маданиятын өнүктүрүү методикасынын маселелерин талкуулоодо ылайыктуу эмгектердин авторлору келечек окуу ишмердүүлүгүн эске алуу менен балдарды калыптандыруунун каражаттары жана методдорун аныктоого өзгөчө мамиле жасоого басым коюшат. Ошону менен бирге респонденттерди сурамжылоо жана балдардын сабагына педагогикалык байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде аталган жобо балдар менен иштөө практикасында зарыл деңгээлде ишке ашпай турганын көрсөттү. Мындан да дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу кепти өнүктүрүүгө, кол моторикасын калыптандыруу үчүн балдарга сунушталган каражаттар менен методдор алардын алдында турган окуу ишмердүүлүгүн тиешелүү өзгөчөлүктөрдү негиздүү эске албастан берилет.

Көрсөтүлгөн шарт биздин мектепке чейинки курактагы баланын кептик маданиятын жогорулатуу үчүн кол моторикасын өнүктүрүүгө багытталган ритмикалык дене тарбия көнүгүүлөрүн колдонуу методикасын эксперименталдык негиздөө милдетин биздин алдыбызга койду. Ушул негизде акыл-эс психофизикалык сапаттарга жана акырында жетектөөчү көрсөткүчторгө: физикалык өнүгүү абалы, психикалык сапаттарга ж.б. натыйжалуу таасирди камсыз кылган түрдүү педагогикалык таасир көрсөтүүлөрдү профессионалдык жактан негизделген таразаланган тандоону ишке ашыруу мүмкүн жана керек

Мындан изилденген тема боюнча жеке илимий материалдарды жыйноо, талдоо жана жалпылоонун жалпы багыттуулугу келип чыгат. Бул максатта мектепке чейинки курактагы балдар арасында изилдөө жумушунун методологиялык жана методикалык өбөлгөлөрү үйрөнүлдү,

балдарга түшкөн жалпы жүк аныкталды, организмдин жүккө даярдыгы (мүмкүнчүлүгү) такталды: балдардын кептик маданиятын жогорулатуу үчүн кол моторикасын өнүктүрүүдө колдонулган багытталган ритмикалык дене тарбия көнүгүүлөрүн колдонуу методикасынын натыйжалуулугун жогорулатуучу педагогикалык шарттар, каражаттар жана методдор негизделди.

Адабияттарды үйрөнүүнүн жыйынтыгы азыркы учурда дене тарбия аркылуу кеп маданиятын калыптандыруу багыты жеткиликтүү иштелбегенин көрсөттү.

Көп сандаган адабий булактар балдардын кеп маданиятын өнүктүрүүнүн өзгөчө маанилүүлүгүн көрсөттү. Бул жобо өзгөчө актуалдуу, себеби мектепке чейинки крактагы балдарга жогорулатылган акыл-эс, психологиялык жана эмоционалдык жүк жүктөлөт, ал туура эмес бөлүштүрүүдө түрдүү патологиялык өзгөрүүлөргө жана бузулууларга алып келиши мүмкүн. Дене тарбия көнүгүүлөрүн өткөрүү методикасында балдардын ден соолугунун чен-өлчөмдөрү жетишсиз белгиленеген. Адабий

булактар тарбиячыларга, методисттерге, врачтарга жана башкаларга дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу балдардын кеп маданиятын өнүмдүү калыптандыруу үчүн ден соолугу жакшы балдарды топторго бөлүштүрүүгө мүмкүндүк түзбөйт

Кол моторикасынын өнүгүүсүндө 3 жашар балдар мануалдуу координацияга болгон жөндөмүнүн аздыгы менен мүнөздөлөт. Мануалдуу координациялоонун жогору өнүгүү мезгили 4 жашар куракка туура келет.

3 жаштагы балдар ой жүгүртүүдө системалаштыруу жөндөмүнүн алсыздыгын көрсөтүштү. Бул куракта интеллекттин өсүшүнө моделдөө таасирдүү болорун корреляциялык анализ көрсөттү.

4 жашта интеллекттин өсүшүнө көрсөтмөлүү-ишкер (0,71) жана көрсөтмөлүү-образдуу (0,69) ой жүгүртүүнүн калыптануу деңгээли таасир этет

5 жашар балдар 4 жаштагы балдардан көрсөтмөлүү-ишкер жана көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнүн деңгээлин аныктаган тестти аткаруу көрсөткүчтөрү менен айырмаланат Интеллектуалдуу өнүгүүнүн иш-аракеттин аң-сезимдүүлүгү (0,71) жана көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү менен байланышы байкалат. Көрсөтмөлүү-иштиктүү ой жүгүртүүнүн эң сезимтал мезгили 3-4 жашка, ал эми көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнүн эң сезимтал мезгили – 4 жашка туура келет.

Тыбыштык кеп маданиятында 3-5 жашар мезгил артикуляциялык жөндөмдүүлүктүн алсыздыгы менен мүнөздөлөт

Балдарга дене тарбиясын берүү каражаттарына ритмикалык жана кол манжаларынын гимнастикасынын кептин тыбыштык маданиятын калыптандыруу жана сенсордук-мотордук өнүгүү программасында сунушталган көндүм жана билгичтиктерди комплексттүү калыптандыруу оюндарын киргизүү максатка ылайык.

Комплекстүү дене тарбия берүү комплексин уюштуруунун натыйжалуулугу төмөнкүлөрдүн болушу менен бекемделет: кол моторикасынын координациялык жөндөмүнүн контролдук жана эксперименталдык топторунун арасындагы айырмачылык бардык изилденген курактык топтордо байкалды; артикуляциялык планда татаал тыбыштарды айтууда контролдук жана эксперименталдык топтордун айырмачылыгы белгиленди. Жылчыкчылдар тобунда 3 жашар куракта айырмачылыктын аныктыгы $p<0,05$, 4 жашар куракта $p<0,01$ ди түздү. Жылчыкчылдар тобунда 4 жашта айырмачылыктын аныктыгы $p<0,01$, 5 жашта $p<0,05$ ти түздү. Мурунчулдар тобунда бардык курактык топтордо таасир этүү натыйжалуу.

Түрдүү топтогу таякчаларды түзүүдө 3 жашар балдардын контролдук тобуна караганда эксперименталдык топто жогорку көрсөткүч алынды ($p<0,01$) фигураларды өлчөмү боюнча тизүүдө логикалык ой жүгүртүүнүн калыптануу деңгээлин аныктаган тестте топтор арасында айырмачылыктын аныктыгы 3 жана 4 жашар куракта ($p<0,01$), 5 жашар балдарда ($p<0,05$) Сенсордук үлгүлөр моделдөөдө мааниге ээ болот, 3 жана 4 жашар балдарда айырмачылыктын аныктыгы ($p<0,05$ жана $p<0,01$). 4 жана 5 жашар балдар ЭТто КТко караганда жогорку көрсөткүч көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнү аныктаган тесттерде көрсөттү ($p<0,01$).

Кол моторикасын калыптандыруучу көнүгүүлөр сөз жана оюн формулировкалары менен бекемделгенде жогорку эмоционалдуу, аң-сезимдүү деңгээлде тыбыш айтууну жакшыртууга мүмкүндүк берет. Бала кезде тыбыштык кеп маданиятынын жаралышы кептин жана мануалдык координациянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары 3-5 жашар балдардын дене тарбия сабактарында кептик маданиятын калыптандыруу сабактарын мындан ары өркүндөтүү зарылдыгын ырастайт Ушуну менен бирге балдар менен иштөөнүн жалпы кабыл алынган методикасы зарыл оң баага ээ эмес экендигин билдирет. Мындан да өзүнүн принципиалдуу белгилеринде ал сыналган базалык вариант катары каралышы керек.

Муну контролдук топтогу балдардын даярдык деңгээлиндеги олуттуу өзгөрүүлөр күбөлөйт ($p<0,05$). Ошого карабастан бул фондо эксперименталдык топтун көрсөткүчтөрү билинерлик жогору ($p<0,05$).

Объективдүү жана мыйзам ченемдүү мүнөзүн эске алуу менен жогоруда саналган шарттар биз сунуштаган изилдөө гипотезасынын өзгөчөлүгүн бекемдейт, мектепке чейинки куракгагы балдардын кебинин өнүгүшүнүн калыптаныш абалы кийинки конкреттелишинде ушул негизде дене тарбия сабактарынын натыйжалуулугун жогорулатууда реалдуу перспективаларды ачат

Ошентип дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу кеп маданиятынын калыптанышын изилдөө балдардын акыл-эс, психофизикалык даярдык деңгээли бири-бири менен дайыма динамикалык

байланышта болгон жалпы жана атайын педагогикалык факторлорго көз каранды. Мындай мыйзам ченемдүү жана кеп маданиятын калыптандыруу каражаттарын жана методдо чыгуу жана балдар менен сабак өтүү методикасына мамиленин маңызын алдын-ала аныкт

Мунун баары балдардын толук кандуу жана таанып-билүүчү, оюн ж.б. ишмердүүлүгү натыйжадагы сабакты көбөйтүү зарылдыгын көрсөтөт.

Эксперименталдык иштин жыйынтыгы кол манжаларынын координациясы менен кепт байланышта деген божомолдуу, ошондой эле баланын ар тараптан өнүгүшүнөн атайын көнүгүүлөрүнүн таасирин ырастайт.

Сунушталган дене тарбиялык көнүгүүлөр жана оюндар психикалык процесстер өнүгүшүнө таасир этет жана тышкы дүүлүктүргүчтөргө ыңгайлаштырат

Координациялык жөндөмдүүлүктөр жана кол моторикасынын өнүгүшү оюн ишмерд ритмдин өнүгүшү менен бекемделип, баланын психикалык процесстерине жана эм маанайына оң таасир этет.

4-5 жашта мотордук, психикалык жана артикуляциялык мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүр көндүм пайда болот. Ошентип шуулдама, жылчыкчыл, мурунчул тыбыштарды айтууд көрсөткүчкө жетишүү аныкталды (1-таблица).

Өз кезегинде беш манжанын координациялык кыймылында бул мезгилде КТту ортосунда айырмачылыктын аныктыгы өтө жогору (p<0,01).

**1-таблица.**

*Эксперименталдык жана контролдук топтордун ортосундагы жыйынтыктардын айырма аныктыгы*

| Тесттер, контролдук тапшырмалар | Курагы | |
|---|---|---|
| | 3 жаш | 4 жаш |
| Жоон үндүүлөрдү айтуу | >0,05 | >0,05 |
| Артчыл тыбыштарды айтуу | <0,05 | <0,05 |
| Жумшак тыбыштарды айтуу | >0,05 | >0,05 |
| Ышкырган тыбыштарды айтуу | <0,05 | <0,01 |
| Жылчыкчыл тыбыштарды айтуу | >0,05 | <0,01 |
| Мурунчул тыбыштарды айтуу | <0,05 | <0,01 |
| Үндүү тыбыштарды айтуу | >0,05 | >0,05 |
| Интеллектуалдуу өнүгүү | <0,01 | <0,05 |
| Аң-сезимдүү иш-аракет | <0,01 | >0,05 |
| Логикалык ой жүгүртүү | <0,01 | <0,01 |
| Моделдөө | <0,05 | <0,01 |
| Көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү | >0,05 | <0,01 |
| Беш манжанын координациясы | <0,05 | <0,01 |

Балдарды психологиялык текшерүүдө ошондой эле логикалык ой жүгүртү көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүнүн өнүгүш деңгээлин аныктоого багытт көрсөткүчтөрүнүн жогорку өсүшү аныкталган. Аң-сезимдин жана кептин психикал дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу ритмди жана колдун кылдат майда координаци өз ара байланыштагы турмуштук маанилүү көндүмдөрдүн топтолушунда оң тенден

Жашы кичүү топто балдардын психомотордук өнүгүүсүнүн бардык көрсөтк тенденция аныкталды. ЭТто балдар системалуу тапшырмалардын жыйынтын жеткиликтүү көнүгүүлөрдү мурдагыдан жигердүү жана тез өздөштүрүштү, мурд сезимдүүлүктү көрсөтүштү.

5 жаштан тартып текшерүү иш-аракеттеринде жана кептин өнүгүшүндө турм топтоо жүрөт. Сөз ишмердүүлүктүн бардык түрүнө таасир этет

Интеллектуалдуу өнүгүү жаңы этапка предметтер менен манипуляция кыл образдуу ой жүгүртүүгө өтөт, бул шарттуу-схемалык көрсөткүчтөр боюнча тест аныктыгы менен бекемделди (p<0,01).

Коомдун кылдат координаты сенсордук-мотордук интеллекттин өнүгүшү мектепке чейинки курактагы балдарда таза кептин калыптанышына та пикирлешүүгө, предметтик дүйнөнүн логикалык байланыштарын табууга чакыр

Эксперименттин жыйынтыгында мектепке чейинки куракгын бардык учурунда кол кыймылынын координациялык жана музыкалык-ритмикалык жөндөмүн калыптоо бардык турмуштун маанилүү деңгээлинде, анын ичинде аң-сезимдүү таза кепти калыптандырууда зор мааниге ээ болот деген жобону ырастоочу маалыматтар алынды.

3-5 жаштагы балдардын кептик маданиятын жана кол моторикасын дене тарбия сабактарында калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр алдыга коюлган тапшырмаларды толугу менен ишке ашыруу үчүн төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди.

1. 3 жашар балдардын кол моторикасынын өнүгүшүндө мануалдуу координацияга жөндөмү аз келет. Мануалдык координациянын өнүгүшүндө жогорку сезгичтик мезгил 4 жашка туура келет, 3 жашар балдарга салыштырмалуу айырмачылык $p<0,05$ ке анык. Балдардын акыл-эс жөндөмүнүн өнүгүшүндө гетерохрондуулук байкалат. 3 жаштагы балдардын ой жүгүртүүнү системалаштырууга жөндөмдүүлүктөрү алсыз. Бул куракта интеллекттин өсүшүнө моделдөө көп таасир этерин корреляциялык анализ көрсөттү (0,52).

4 жашта интеллекттин өсүшүнө көрсөтмөлүү-ишкер (0,71) жана көрсөтмөлүү-образдуу (0,69) ой жүгүртүүнүн калыптануу деңгээли таасир этет. 3 жашар балдарга салыштырмалуу иш-аракеттин аң-сезимдүүлүүлүгүн аныктаган тесттер көрсөткөн ($p<0,05$) көрсөткүч моделдөөдө да көрүнөт, мында ($p<0,01$) бул көрсөтмөлүү-ишкер ой жүгүртүүнүн басымдуулугун тастыктайт

5 жашар балдар 4 жаштагы балдардан көрсөтмөлүү-ишкер жана көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү деңгээлин аныктаган тестти аткаруудагы көрсөткүчтөрү менен айырмаланат 5 жаштагы балдарда пландоо, көзөмөлдөө жана анализ процесстери жогорку деңгээлде болорун корреляциялык талдоо көрсөттү. Интеллектуалдуу өнүгүүнүн иш-аракеттин аң-сезимдүүлүгү (0,71) жана образдуу-көрсөтмөлүү ой жүгүртүү (0,62) менен байланышы байкалат. Көрсөтмөлүү-иштиктүү өнүгүүнүн жогорку сезимтал мезгили 3-4 жашка туура келет, көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү мезгили 4 жашка туура келет.

2. Тыбыштык кеп маданиятында 3-5 жашар мезгил артикуляциялык жөндөмдүүлүктүн алсыздыгы менен мүнөздөлөт. Бардык курактык топтордо шуудама, жылчыкчыл, мурунчул тыбыштарды айтууда төмөнкү көрсөткүчтөр алынды.

Балдарга дене тарбиясын берүү каражаттарына ритмикалык жана кол манжаларынын гимнастикасы, оюндар киргизилди жана кептин тыбыштык маданиятын калыптандыруу жана сенсордук-мотордук өнүгүү программасында сунушталган көндүм жана билгичтиктерди калыптандыруу үчүн максатка ылайык киргизилди.

3. Ритмдин, кол моторикасынын координациясын, артикуляциясын оюн аркылуу машыктырууга багытталган дене тарбия комплексин уюштуруунун натыйжалуулугу төмөнкү маалыматтар менен бекемделет·

– бардык изилденген курактык топтордо контролдук жана эксперименталдык топтордун арасында кол моторикасынын координация жөндөмүнүн айырмачылыгынын аныктыгы байкалды. 3 жана 5 жашар мезгилде айырмачылык ($p<0,05$), 4 жашар балдарда – $p<0>01$,

– артикуляциялык жактан татаал тыбыштарды айтуу боюнча контролдук жана эксперименталдык топтордо айырмачылыктар аныкталды:

а) жылчыкчылдар тобунда 3 жашар мезгилинде анык айырмачылык $p<0,05$ ти, 4 жашта – $p<0,01$ ди түздү;

б) жылчыкчылдар тобунда – 4 жашар мезгилинде айырмачылык $p<0,01$ ге анык, 5 жаштагы топто $p<0,05$ анык;

в) мурунчулдар тобунда таасир этүүнүн натыйжалуулугу ушул учурда байкалат, себеби контролдук жана эксперименталдык топтордун ортосундагы айырмачылык бардык куракта аныкталды.

Ритмдин жана колдун моторикасын дене тарбиясы аркылуу өнүктүрүүгө багытталган сенсордук-мотордук өнүгүүнүн комплекстүү программасы баланын психикасынын, моторикасынын жана кебинин өнүгүүсүнө шарт түзөт. Мына ошондуктан муну мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо процессине ар бир күнү 20-30 мүнөттөн киргизүү максатка ылайык.

- 3-4 жаштагы балдардын натыйжалуу өнүгүү ишмердиги дене тарбиясында желек, топ, алкак, чүкө, камчы ж.б. менен аткарылуучу көнүгүүлөрдү киргизүүнү талап кылат б.а. алар бир жагынан колдун манжаларынын координациясын, экинчи жагынан аң сезимдүү предметтик ишмердикке алып келет.

- мектепке чейинки куракта сабакка болгон кызыгууну жогорулатуу үчүн оюндарды колдонуп,

жөнөкөй физикалык көнүгүүлөр аркылуу оюн кырдаалдарын түзүү зарыл. Сюжеттерге, шарттуу-схемалык сүрөттөргө багытталган оюндар логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.Түстөр жана формаларга негизделген оюндар балдардын түстү жана форманы кабыл алууга; өзүнүн кыймылын көзөмөлдөөгө, ой жүгүртүү жана аң сезимин иштетүүсүнө түрткү болот. Сөз (ыр) жана музыка менен коштолгон оюндар оюн кырдаалында артикуляцияны көрсөтүүгө шарт түзөт: жөндөмдүүлүк, тыбыштарды туура айтуунун калыптануусу.

5 жаштан тартып балдардын ой жүгүртүүсү образдуу-вербалдык байланыштардын бир топ жогорку деңгээлине өтөт, сөздүн мааниси үстөмдүк кыла баштайт Мына ошондуктан сюжеттик-ролдоштурулган оюндар, бий кыймылдары, предметтер менен прикладдык физикалык көнүгүүлөрдү коплекстүү колдонуу координациялык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнө жагымдуу шарт түзөт.

Программалык материалды колдонууда манжалардын гимнастикасына, кыймылдуу оюндарга жана сөз (ыр) менен коштолгон оюндарга көңүл буруу зарыл.

Музыка жана сөз (ыр) менен коштолгон оюндар сабакка болгон кызыгууну жогорулатат, эмоционалдык абалда балдарга татаал артикуляциялык тыбыштарды айтууда кысынып, тартынбоого мүмкүндүк берет.

Ритмикалык гимнастиканы так ритмикалык сүрөттөр менен белгилүү балдар музыкасынын астында өткөрүү сунушталат. Бий көнүгүүлөрүн тандоо балдардын даярдыгына жана кыймылдоо мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келиши зарыл. Белгилүү бир ыргакка багынган көнүгүү ритмикалык сүрөткө жараша балдардын булчуңдарын чыңалтууга жана бошоңдотууга, өзүнүн кыймылын белгилүү бир мейкиндик жана мезгилдик мүнөздөмөгө ылайык аткарууга, бул өз кезегинде өзүнүн кыймылын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

*Абдрасулова Т.Д. Нормативная диагностика психологических предпосылок готовности обучения в*
1. *Абдрасулова Т.Д. Нормативная диагностика психологических предпосылок готовности обучения в — М., 1997. – №2. С.23-34.*
*школе у детей 4-5 лет. Вопросы психологии. [Текст]/ Т.Д.Абдрасулова. – М., 1997. – №2. С.23-34.*
2. *Агаджанян Н.А. Адаптация и резервы и резервы организма. [Текст]/ Н.А Агаджанян. – М: Физкультура и спорта, 1983. – 136 с.*
3. *Аганянц Е.К. Возрастные особенности силовых и скоростной-силовых характеристик произвольных движений в связи с индивидуальным профилем межполушарной асимметрии. Физиология мышечной деятельности. [Текст] // Материал международной конференции. / Е.К. Аганянц, Е.М. Бердичевская, П.А.Косалопов. – М., 2000. – С. 6-8.*
4. *Аганянц Е.К. Электрофизиологические корреляты центральных программ при решении простых моторных задач у лиц с различным профилем асимметрии. Теория и практика физической культуры. [Текст] / Е.К.Аганянц, А.Б.Трембач, А.С. Гронская. – М., 1999. – №3. – С.43-46.*
5. *Агаева С.Р. Функциональная моторная асимметрия и некоторые психофизиологические особенности школьников 7-14 лет. [Текст] // Новые исследование по возрастной физиологии. / С.Р. Агаева. – М., 1987. – №1. – С. 17-19.*
6. *Адаквявичине Э.И. Спортивные игры и упражнения в детском сады. [Текст]: книга для воспитателя детского сада. / Э.И.Адаквявичине. – М.: Просвещение, 1992. – 152 с.*
7. *Аксенова М.Г Развитие тонких движении рук у детей с нарушениями речи. Дошкольные воспитание. [Текст] Аксенова М.Г – 1990. – №8. – С. 62-65.*
8. *Активизация темпов физического развития детей. 4-5 летного возраста. [Текст]: в помощь воспитателю. // Физическая культура, воспитание, образование, тренировка. – М., 1996. – №3 [illegible] 56.*